- Тарыхый билим берүүнүн профилдик дисциплиналарынын бири боюнча окутуу процессин конструкциялоонун жана ишке ашыруунун негиздерине ээ.
- окутуунун интерактивдүү формаларын ж-а методдорун колдонуп педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзө алат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-2; СИМК-1; КК-2;*

**4.4.2. Кесиптик циклдын базалык бөлүгүндөгү дисциплиналардын программасына аннотация**

**Археология жана этнографиядагы маалыматтык технологиялар:** Бул дисциплина археология менен этнографиядагы заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу жолдорун үйрөтүүгө багытталган. Сабакта ГИС (геомаалыматтык системалар), 3D моделдөө, санариптик картография, дрон технологиялары, фотограмметрия жана маалымат базаларын түзүү сыяктуу ыкмаларды археологиялык казууларда жана этнографиялык изилдөөлөрдө пайдалануу маселелери каралат. Магистранттар талаа изилдөөлөрүн пландоо, маалыматтарды жыйноо, иштеп чыгуу жана натыйжаларды визуалдаштыруу процессинде маалыматтык технологиялардын ролун өздөштүрүшөт. Дисциплина

жогорку технологияларды колдонуунун негизинде илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатууга көмөктөшөт.
Билет:

- Талаа жана лабораториялык изилдөөлөрдө технологияларды колдонот – планшет, дрон, фотограмметрия, георадар сыяктуу заманбап шаймандар менен иштей билет.

Жасай алат:

- Тарыхый жана этнографиялык маалыматтарды талдай алат – маалыматтык технологиялар аркылуу алынган санариптик материалдарды структуралык жана мазмундук жактан түшүнүп, талкуулай алат.

Ээ болот:

- Теориялык билимге ээ болот – археология менен этнографияда колдонулган маалыматтык технологиялар боюнча түшүнүккө ээ болот (ГИС-системалар, 3D моделдөө, санариптик документтештирүү ж.б.).
- Методдорду биле алат жана колдонууга үйрөнөт – археологиялык жана этнографиялык маалыматтарды чогултуу, иштетүү жана талдоодо ИКТ методдорун колдонуу жөндөмүнө ээ болот.

*Калыптандыруучу компетенциялар: СИМК-2; КК-1; КК-2; КК-4; КК-7; КК-20.*

**Тарыхый изилдөөлөрдөгү дисциплиналар аралык мамилелер:** Дүйнөнү профессионалдык көз караш менен кароого көмөк көрсөтөт, жүрүм-турумдун социалдык детерминантын аныктап билүүсү жана конфликтерди анализдеп, аларды туура чечүүсүнө көмөк көрсөтөт. Персоналдарды башкаруу жана конфликтология жөнүндө маалыматты калыптандырып, персоналдарды башкаруу жана конфликтерди чечүүгө жардам көрсөтүшүн камсыздандырат. Жалпы конфликт жөнүндө кеңири маалымат алып алардын коомдогу функцияларын жана чечүү меттоддорун өздөштүрүшөт. Персоналдарга байланышкан конфликтерди башкаруу методдорун үйрөнүп, алардын чоң чыр чатака айланып кетүүсүн алдына алат.

**билет:**

-Алган билиминин негизинде, учурдагы социалдык чындыка адаптация болушуна жардам берет, себеби конфликт азыркы мезгилде коомдогу мамилелердин негизги көрүнүшү болуп калды.

-уюштуруу, башкаруу, баарлашуу иштеринде педагогикалык жараяндардын, маданий өзгөрүүлөрдүн, тарыхый өзгөчөлүктөрдүн, экономикалык, гуманитардык, психологиялык, табигый-экологиялык жана башка билимдерге талдоо жүргүзүү менен жалпы билимдүүлүгүн жана маданиятын өнүктүрүүнү билет;

**жасай алат:**

-Персоналдарды башкаруудагы чыр-чатактардын динамикасынын персоналдарды башкаруудагы конфликтин катышуучулары жөнүндөгү;

-Персоналдарды башкаруудагы чыр-чатакты талдоо жана башкаруу жөнүндөгү билимдерге ээ болот Персоналдарды башкаруудагы чыр-чатакты талдоо жана башкаруу жөнүндөгү билимдерди..

**Ээ болот:**

-Сабырдуулук коомдо жана персоналдарды башкарууда макулдуктун негизи катары. Толеранттуулук жөнүндө аныктама жана көнүгүү жасоо. -Толеранттуулук жөнүндө декларация талдоо.Персоналдарды башкаруудагы кызматташуу жана кооперация Персоналдарды башкаруудагы маданият жана коммуникация Персоналдарды башкаруудагы стереотиптер жана алдын ала ынандыруу
-Персоналдарды башкаруудагы структуралык тенсиздик жана социалдык адилеттүүлүк билимдерге ээ болот.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; ИК-4;КК-2.*
**Социалдык антропологиянын негиздери:** Бул дисциплина социалдык антропология илиминин теоретикалык негиздерин, негизги түшүнүктөрүн жана методологиялык ыкмаларын терең өздөштүрүүгө багытталган. Курста адам коомдорунун социалдык түзүлүшү, коомдук институттардын функциялары, туугандык системалар, гендердик мамилелер, бийлик жана саясий уюшуу формалары, экономикалык өз ара аракеттенүүлөр, дин жана символдордун коомдогу ролу сыяктуу социалдык антропологиянын классикалык жана заманбап темалары каралат.

Магистранттар социалдык антропологиянын калыптаныш тарыхын, негизги теориялык мектептерин (эволюционизм, структурализм, функционализм, интерпретативдик антропология ж.б.), ошондой эле полевой изилдөөнүн антропологияга мүнөздүү сапаттык ыкмаларын үйрөнүшөт.

Курс ар түрдүү коомдордун социалдык логикасын жана маданий практикаларын салыштырма анализдөөгө мүмкүнчүлүк түзүү менен магистранттарды оригиналдуу илимий ойлонууга, коомдук маселелерди антропологиялык көз караште чечмелөөгө багыттайт.

**жасайт:**

- социалдык антропологияга мүнөздүү полевой изилдөөлөрдү пландап жана жүргүзө алат;
- топтолгон маалыматтарды талдап, антропологиялык интерпретация жасоо;
- социалдык жана маданий көрүнүштөрдү салыштырма талдоо аркылуу түшүндүрүү;
- коомдук көйгөйлөрдү антропологиялык көз караш менен анализдеп, илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу;

**Билет:**

- социалдык антропологиянын негизги түшүнүктөрүн, категорияларын жана теориялык багыттарын;
- социалдык антропологиянын классикалык жана заманбап мектептеринин айырмачылыктарын жана алардын методологиялык өзгөчөлүктөрүн;
- коомдук структуралардын (үй-бүлө, туугандык, экономика, дин, саясат) антропологиялык маанисин;

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-4; ИК-2;СИМК-2; КК-4; КК-18; КК.*
**Тарыхый-маданий мурастын менеджменти** курсу коомдун маданий мурастарын сактоо, изилдөө, башкаруу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча комплекстүү билим берет. Дисциплинада тарыхый-археологиялык объектилерди идентификациялоо, аларды коргоонун укуктук негиздери, музей иштери, маданий

ландшафттарды башкаруу, консервация жана реставрациянын негиздери, маданий мурастын коомдук жана экономикалык мааниси сыяктуу билимдерди калыптандырат.
Маданий мурастын ар кандай түрлөрүн (материалдык, материалдык эмес, археологиялык, архитектуралык) башкаруунун заманбап ыкмаларын өздөштүрүүгө, маданий саясатты түшүнүүгө, долбоорлоо, мониторинг жүргүзүү жана маданий объектилерди жайылтуу боюнча практикалык көндүмдөрдү үйрөтөт. Ошондой эле регионалдык жана глобалдык деңгээлдеги мурастарды коргоо боюнча эл аралык стандарттар (ЮНЕСКО, ИКОМОС) менен таанышат.
Курс аяктагандан кийин студенттер тарыхый-археологиялык мурасты сактоо стратегияларын түзө билет;
маданий объектилердин потенциалын коомдук өнүгүүдө пайдалана алат жана, долбоорлорду башкара алат.
Магистранттарда маданий баалуулуктарды сактоо тармагында теориялык жана практикалык билимдерин өнүктүрүү, дүйнөлүк жана ата-мекендик тажрыйбаларды салыштырып талдоо жөндөмүн калыптандыруу. Маданий мурастарды идентификациялоо, консервациялоо, реставрациялоо, санариптештирүү жана коргоо багытында системалуу илимий түшүнүк берүү.
*Калыптандыруучу компетенциялар : КК-2; КК-3; КК-7;*
**Кыргызстанда этнография илимдин калыптанышы жана өнүгүшү:**
*Калыптандыруучу компетенциялар : КК-2; КК-3; КК-7;*

**Кыргызстандагы демографиялык процесстер:** Кыргызстандын демографиялык процесстеринин мүнөзүн, динамикасын жана негизги факторлорун үйрөтүү, калктын табигый өсүшү, миграция, этнодемографиялык өзгөрүүлөр жана демографиялык саясат боюнча аналитикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, демография илими тууралуу кеңири түшүнүк берүү менен кесипттик билимдерин арттыруу. Кыргызстандын калкынын саны, өсүшү, этнодемографиялык түзүлүшү, миграция жана демографиялык саясат тууралуу негизги түшүнүктөрдү берүү жана аналитикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү. Кыргызстандагы демографиялык процесстерди бүгүнкү күндө изилдөө жана магистранттарды статистикалык талдоо жана калктын санын болжолдоо боюнча көндүмдөрүн өнүктүрүү.
**билет:**
- Демографиянын негизги түшүнүктөрү жана ыкмалары;
- Кыргызстандын тарыхый-демографиялык өнүгүү этаптары;
- Республиканын азыркы демографиялык абалы.
**жасай алат:**
- Демографиялык көрсөткүчтөрдү талдоо (төрөлүү, өлүү, никелешүү, ажырашуу, миграция);
- Статистикалык маалыматтар менен иштөө;
- Тенденцияларды аныктоо жана демографиялык өзгөрүүлөрдү болжолдоо.
**көндүмүнө ээ болот:**
- Демографиялык методдорду изилдөөдө колдонуу;

- Аналитикалык отчетторду жана болжолдоолорду даярдоо;
- Расмий статистикалык маалымат базалары менен иштөө.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*

**Борбордук Азиянын таш доору: изилдөөнүн актуалдуу проблемалары:**
Дисциплина Борбордук Азиядагы коло доору жана эрте темир доорунун археологиялык эстеликтеринин изилдениш тарыхын, негизги илимий концепцияларын жана учурда талкууланып жаткан актуалдуу проблемаларын комплекстүү карайт. Курста региондогу коомдук-экономикалык түзүлүштөрдүн эволюциясы, чарбачылык формалары, металлургиянын өнүгүшү, көчмөн жана отурукташкан коомдордун өз ара байланышы, артефакттардын типологиясы жана маданий-комплекстердин хронологиясы изилденет.Магистранттар Андроново маданий чөйрөсү, Бактрия–Маргиана археологиялык комплекси (БМАК), сак-үйсүн-массагет дүйнөсү, Фергана өрөөнүнүн жана Жети-Суунун эрте темир доорунун материалдары сыяктуу ири археологиялык комплекстер менен таанышып, аларды салыштырма-тарыхый жана типологиялык анализ жүргүзүү аркылуу интерпретациялоону үйрөнүшөт. Курсту өздөштүрүү магистранттарга Борбордук Азиядагы коло жана эрте темир доорунун көп кырдуу маданий процесстерин терең түшүнүүгө, илимий булактарды сынчыл талдоого жана аймактык археология боюнча профессионалдык деңгээлде иштөөгө мүмкүнчүлүк берет.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*

**Изилдөө иштерин уюштуруунун укуктук негиздери жана усулдары:**

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*

**Тарыхнаама жана археологиянын азыркы проблемалары:** Дисциплина археология илиминин тарыхый өнүгүү баскычтарын, изилдөөлөрдүн негизги мектептерин, методологиялык багыттарын жана учурдагы илимий талаш-тартыштарды системалуу түрдө анализдөөгө арналган. Курста XIX–XXI кылымдардагы археологиялык ой жүгүртүүнүн эволюциясы, классикалык, советтик, европалык, америкалык, процессуалдык жана постпроцессуалдык мектептердин теориялык концепциялары, алардын методдору жана изилдөөгө тийгизген таасири кеңири каралат. Дисциплина археологиядагы заманбап проблемаларды да камтыйт: изилдөөлөрдүн методологиялык кризиси, этникалык интерпретациялардын көйгөйү, маданият–артефакт байланышына болгон көз караштар, материалдык маданиятты интерпретациялоодогу чектөөлөр, археологиянын саясат менен байланышы, мурастын сакталуусу жана коомдук археология маселелери. Магистранттар булактардын историографиясын талдоо, айрым археологиялык концепциялардын пайда болуу себептерин жана алардын бүгүнкү илимдеги ордун түшүнүү, чоң изилдөө долбоорлорунун методологиялык өзгөчөлүктөрүн салыштыруу жана жаңы илимий багыттарды баалоо көндүмдөрүн өздөштүрүшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*

**Борбордук Азиянын коло жана эрте темир доорунун археологиясы: изилдөөнүн актуалдуу маселелери:** негизги теориялык маселелерин жана актуалдуу проблемаларын изилдөөгө арналган. Курста региондун археологиялык

мурастарынын өзгөчөлүктөрү, таш доорунун хронологиясы, палеоэкологиялык шарттар, миграциялык процесстер, адамзат эволюциясынын региондогу этаптары жана маданий- технологиялык өнүгүү динамикасы каралат. Курста ошондой эле таш дооруну изилдөөнүн азыркы кездеги проблемалары – хронологиялык ажырымдар, артефакттарды интерпретациялоодогу талашсыз жана талаштуу көз караштар, регионалдык маданий-технологиялык айырмачылыктар, Homo sapiens жана неандерталдардын аймактагы жашоо издери, палеоклиматтык өзгөрүүлөрдүн таасири сыяктуу маселелер кеңири каралат. Дисциплина магистранттарга Борбордук Азиядагы таш доорунун археологиялык булактарын сынчыл талдоо, илимий гипотезаларды салыштыруу, материалдарды интерпретациялоо жана заманбап археологиялык ыкмаларды (GIS-талдоо, 3D моделдештирүү, трасология, михролиттик анализ) колдонуу боюнча компетенциялар берет.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*
**Археологиядагы талаа изилдөө методдору:**

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*
**Этнографиялык талаа изилдөөлөрүнүн ыкмалары:** «Этнографиялык талаа изилдөөлөрүнүн ыкмалары» дисциплинасы этнографиялык маалыматтарды чогултуу, анализдөө жана иштеп чыгуу боюнча негизги теориялык жана практикалык ыкмаларды үйрөтөт. Бул курста магистранттар жеринде жүргүзүлүүчү байкоо, маектешүү, анкеталоо, күндөлүк жүргүзүү, фото жана видео документтештирүү сыяктуу талаа изилдөөлөрүнүн ыкмалары менен таанышып, өз алдынча этнографиялык иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн негиздерин өздөштүрүшөт.
Билет:
- Талаа маалыматтарын системалаштырып, талдоо жана изилдөө жыйынтыгын билет
- Этнографиялык талаа изилдөөлөрүнүн негизги теорияларын жана ыкмаларын билет;
Жасай алат:
- Илимий максатта талаа ишин уюштуруп, маалымат чогултуу процессин пландай алат;
- Интервью, байкоо жана документ анализи ыкмаларын практикада колдоно алат;
Ээ болот:
- Жергиликтүү калк менен өз ара маданиятка ылайык иш алып баруу жөндөмүнө ээ болот;
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*
**Илимий-изилдөө иштери:**
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*
**Борбордук Азия элдеринин этнографиясы:** Бул дисциплина Борбордук Азия аймагында жашаган элдердин этнографиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө багытталган. Сабакта кыргыз, казак, өзбек, түркмөн, тажик жана аймактагы башка этностордун маданияты, жашоо образы, каада-салттары, этникалык

өзгөчөлүктөрү жана социалдык түзүлүшү каралат. Ошондой эле көчмөндүк маданият, тукум-урук мамилелери, үй-бүлө институту, диний ишенимдер, кийим-кече, турак-жай, тамак-аш маданияты ж.б. темаларга көңүл бурулат. Магистранттар Борбордук Азиядагы этностук процесстерди түшүнүүгө жана салыштырма этнографиялык талдоо жүргүзүүгө үйрөнүшөт.
Билет:
- Борбордук Азиядагы негизги этностордун этнографиялык өзгөчөлүктөрүн билет;
- Этнографиялык талаа изилдөөлөрүн жүргүзүү үчүн методологиялык негиздерди колдоно билет;
Жасай алат:
- Аймактагы этностук жана маданий процесстерди анализдей алат;
- Ар түрдүү элдердин каада-салттарын жана маданий баалуулуктарын салыштырып баалай алат;
Ээ болот:
- Этникалык жана маданий ар түрдүүлүктү сыйлоого жана этностор аралык өз ара түшүнүшүүгө умтулат, ээ болот.
- Этнографиялык талаа ыкмаларын (маектешүү, катышуу байкоо, талдоо) пландап, ишти жүргүзүүгө ээ болот.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*

**Борбордук Азиядагы орто кылымдардын археологиясы:** комплекстүү үйрөнүүгө багытталган. Курста VI–XIV кк. ортосундагы саясий, экономикалык, маданий жана этносоциалдык процесстердин археологиялык материалдардагы чагылдырылышы талданат. Орто кылымдык шаар маданиятынын калыптанышы, көчмөндөр менен отурукташкан калктардын өз ара байланышы, соода жолдору, кол өнөрчүлүк борборлорунун өнүгүшү жана исламдан кийин пайда болгон жаңы архитектуралык комплекстер дисциплинанын негизги багыттарын түзөт. Магистранттар Согду, Түрк каганаты, Караханиддер, Кыпчак дүйнөсү, Каракытайлар, Чагатай улусу, Фергана жана Жети-Суунун орто кылымдык шаарлары (Ак-Башат, Невакет, Суяб, Баласагын, Өзгөн, Самарканд, Бухара жана башкалар) боюнча археологиялык материалдарды талдап, типологиялык, стратиграфиялык жана салыштырма-тарыхый методдорду өздөштүрүшөт. Архитектуралык эстеликтердин (мажара, медресе, мечит, мавзолей, караван-сарай), керамикалык комплекс, монета табылгалары, эпиграфика жана кол өнөрчүлүк буюмдары боюнча кеңири маалымат берилет. Дисциплинаны окутуу магистранттарга археологиялык булактарды сынчыл талдоого, орто кылымдык материалдык маданиятты интерпретациялоого, шаардык жана көчмөн маданияттын өз ара байланышкан динамикасын түшүнүүгө, ошондой эле Борбордук Азиядагы орто кылымдар боюнча профессионалдык деңгээлде изилдөө жүргүзүүгө керектүү компетенцияларды берет.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*

**Кыргызстандын тарыхы: археологиялык жана антропологиялык аспектилер:** Кыргызстандагы байыркы жана орто кылымдардагы коомдорду археологиялык жана антропологиялык материалдардын негизинде изилдөөгө

арналган. Курста региондогу негизги археологиялык маданияттар, материалдык маданияттын өнүгүшү, чарба моделдери жана миграциялык процесстер каралат. Антропологиялык маалыматтар аркылуу Борбор Азия калкынын этногенези, байыркы коомдордун биологиялык өзгөчөлүктөрү жана алардын тарыхый-маданий процесстер менен байланышы талданат.

Магистрант бул предметти өздөштүрүү менен:

- Кыргызстандагы негизги археологиялык маданияттарды жана алардын хронологиясын, антропологиялык маалыматтардын этногенезди түшүндүрүүдөгү маанисин, археология жана антропологиянын негизги методдорун **билет**;

- Археологиялык жана антропологиялык маалыматтарды талдап, интерпретациялоону, артефакттарды жана антропологиялык материалдарды салыштырып, негиздүү корутунду чыгарууну **жасай алат**;

- Далилдерге таянып тарыхый реконструкция түзүү көндүмдөрүнө жана археологиялык-антропологиялык маалыматтарды интеграциялап колдонуу жөндөмүнө **ээ болот**.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*

**Археологиялык жана этнографиялык коллекцияларды иштетүү ыкмалары:** Магистранттарда археологиялык жана этнографиялык артефактарды документтештирүүнүн заманбап методдорун: сүрөттөө (описание), өлчөмдөрүн алуу, графикалык жана фотофиксация, 3D-моделдештирүү, лабораториялык талдоо ыкмаларын өздөштүрүшөт. Курста археологиялык жана этнографиялык коллекциялардын түзүлүшү, системалаштырууну, катталышы, классификациясы, типологиясы, сакталуу шарттары жана музейлештирүү процессинин негиздери каралат.Ошондой эле материалдардын кайсы мезгилге, маданий комплекске жана типологиялык топко таандык экенин аныктоо жолдору практикалык мисалдар менен берилет.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5; СИМК-3-; КК-3;КК-4; КК-9.*

### 4.4.3. Профессионалдык циклдын вариативдик бөлүгүндөгү дисциплиналардын программасына аннотациясы

**Маданий мурастарды сактоо проблемалары: ата мекендик жана дүйнөлүк тажрыйба:** Магистранттарда маданий баалуулуктарды сактоо тармагында теориялык жана практикалык билимдерин өнүктүрүү, дүйнөлүк жана ата-мекендик тажрыйбаларды салыштырып талдоо жөндөмүн калыптандыруу. Маданий мурастарды идентификациялоо, консервациялоо, реставрациялоо, санариптештирүү жана коргоо багытында системалуу илимий түшүнүк берүү.

Билет:

- Маданий баалуулуктарды сактоонун негизги түшүнүктөрүн, принциптерин, эл аралык укуктук документтерди (ЮНЕСКОнун конвенциялары, ИКОМ кодекси ж.б.) жана Кыргызстандын мыйзамдык ченемдик базага байланышкан маселелерди билет;
- Ата-мекендик жана дүйнөлүк тажрыйбалардагы маданий мурастарды коргоо, башкаруу жана колдонуу боюнча ыкмаларды жана тенденцияларды билет;

- Материалдык жана материалдык эмес маданий мурастардын классификациясын, алардын сактоо өзгөчөлүктөрүн жана жоголуп кетүү коркунуч факторлорун билет.*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1;ИК-2; СИМК-1; СИМК-2; КК-6;КК-9; КК-10; КК-13; КК-21.*

**Кыргызстандын архитектура тарыхы:** Бул предмет магистранттарга Кыргызстан аймагындагы архитектуралык өнүгүүнүн тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөрүн, стильдик өзгөрүүлөрүн жана аймактык өзгөчөлүктөрүн илимий негизде изилдөөгө мүмкүндүк берет. Байыркы доорлордон тартып азыркы заманга чейинки архитектуралык мурастын өнүгүү этаптарын, курулуш технологияларын жана алардын коомдук-маданий чөйрө менен байланышын талдоого багытталган. Архитектуралык эстеликтерди изилдөөдө магистранттарда илимий-изилдөө жүргүзүү көндүмүн, тарыхыйлуулук жана объективдүүлүк принциптерин колдонуу жөндөмүн калыптандырат.

Билет:

Кыргызстандын архитектура тарыхынын негизги этаптарын, стилдик өзгөчөлүктөрүн билет;

Архитектура тарыхын изилдөөнүн илимий ыкмаларын, булактарын жана алардын классификациясын билет.

Жасай алат:

Архитектуралык эстеликтерди тарыхый-көркөм жактан талдай алат, алардын коомдук жана маданий маанисине илимий баа бере алат;

Архитектура тарыхын изилдөөдө теориялык концепциялар менен практика жүзүндөгү мисалдарды айкалыштырып колдоно алат.

Ээ болот:

Кыргызстандын архитектура тарыхы боюнча терең илимий билимге ээ болот;

Архитектуралык мурастарды изилдөө, талдоо жана сактоо боюнча илимий-изилдөө ишин жүргүзүүгө жөндөмдүү болот;

Архитектуралык өнүгүүнүн улуттук жана дүйнөлүк контексттеги ордун аныктай билүү компетенциясына ээ болот.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-4; СИМК-3; КК-9; КК-11.*

**Карта түзүүнүн негиздери:** Магистранттарда картография илиминин негиздерин калыптандыруу. Илимий изилдөө иштерин жүргүзүүдө изилдөө объектиси боюнча тематикалык карталарды түзүп, илимий айлампага киргизүү жөндөмүн калыптандыруу.

билет:

- Картография илиминин тарых, археология илими үчүн картографиянын маанисин билет;

жасай алат:

- Тарыхый, археологиялык карталарды өз алдынча түзө алат

ээ болот:

- карта түзүү жөндөмүнө ээ болот.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ЖК-5;ИК-2; СИМК-2; КК-3; КК-4; КК-7.*

**Сапаттык жана сандык маалыматтарды компьютердик иштетүү** (Компьютерная обработка качественных и количественных данных) предметинин негизги мазмуну, археологиялык сапаттык жана сандык маалыматтарды казып алуу - бул контекстти талдоо жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо аркылуу статистикалык ыкмаларды жана текст жана пикир сыяктуу сандык эмес маалыматтарды (сапаттуу) колдонуу менен сандык маалыматтарды (сандык) талдоо процесси.

Сандык анализ статистика жана сандар түрүндө жалпы сүрөттү берет, ал эми сапаттык талдоо муну майда-чүйдөсүнө чейин жана түшүндүрмөлөр менен толуктап, изилденүүчү предметти тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Сандык иштеттүү менен сапаттык иштетүүнүн төрт параметр боюнча карасак төмөндөгүдөй көрсөткүчтөргө ээ болобуз.

Сандык иштетүү (обработка):

• Максаты: Сандык маалыматтарды колдонуу менен объектти формалдуу, сырттан изилдөө.

• Маалыматтардын мисалдары: Статистика, пайыздар, сурамжылоонун натыйжалары.

• Методдор: Статистикалык талдоо, жыштыктарды бөлүштүрүү анализи.

• Натыйжа: Калктын көбүрөөк катмары үчүн жалпыланган сандык чаралар.

Жогорку сапаттагы кайра иштетүү (обработка):

• Максат: Объекттин касиеттерин талдоо аркылуу аны мазмундуу, ички изилдөө.

• Маалымат мисалдары: Комментарийлер, пикирлер, тексттик жооптор, колдонуучунун жүрүм-туруму.

• Методдор: Контексттик талдоо, маалыматтардын нюанстарын жана татаалдыгын аныктоо.

• Натыйжа: Сандык маалыматтарды түшүндүргөн бай, контекстке негизделген түшүнүктөр.

Сапаттуу маалыматтар сапаттык талдоо ыкмаларын колдонуу менен иштетилет.

Алынган сапаттык материалды же анын бир бөлүгүн сандык маалыматтарга айландыруу, категорияларды сандык аныктоо, сандык анализдин ыкмаларын колдонуу менен маалыматтарды иштетүүгө даярдоо да мүмкүн.

Магистратура бөлүмүндө Археология жана социалдык антропогия адистигинде окутулуучу "Сапаттык жана сандык маалыматтарды компьютердик иштетүү" (Компьютерная обработка качественных и количественных данных) предметин окутууда тарыхыйлуулукка жана илимийлүүлүккө таянуу менен археологиялык маалыматтарды өз алдынча илимий талдоо жүргүзө алуу жөндөмүн калыптандыруу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1;ЖК-2; ИК-5; СИМК-2; КК-18; КК-22.*

**Алгачкы коомдогу маданият жана искусство:**

**билет:** Адам жана коомду окутуунун методикасынын эң манилүү категориялары болуп: окутуунун милдеттери; билимдин мазмуну, тарых илиминин структурасы; окучуулар билим алып жатышкан булактар; окутуу ишинин формалары;окутуу процессинин звенолору; ой жүгүртүүнү өнүктүрүү методикасын ***;***

***жасай алат***: Маалыматтык согуш шартында мурда болгон тарыхый фактыларды жана алардын бүгүнкү күндөгү таасирин окуучуларга туура жеткирүүнүн маанисин билип, тарых илиминде трансформациялоо процесси жүрүп жаткандыктан ар кандай илимий форумдарды уюштуруп мектептердин тарых мугалимдерине жардамды***;***
***ээ болот***: Ааламдашуу жана миграция биздин маданият менен баалулуктарга жаңы өзгөчөлүктөрдүн киришин шарттап, улуттук билим берүү системасы дүйнөлүк тармактарга көбүрөөк тутамдашууга багыт алууга***;*** ааламдашуу жараянынын шартында тарых, социология, философия, саясат таануу, укук, экономика, дин, маданият ж.б. илимдин тармактары боюнча зарыл болгон билимдерге ээ кылуу менен, окуу процессин уюштуруу жолдорун жана ыкмаларын, анын жүрүшүндө түрдүү теориялык, усулдук, педагогикалык, психологиялык маселелерди чечүүнү үйрөтөт.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ИК-4; СИМК-2; КК-7;*

### 4.4.7. Практикалардын программасына аннотация

**Музей практикасы: коллекцияны кайра иштетүү:** Башкаруучулук практикасы магистранттардын мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошууда чоң мааниге ээ болгондуктан башкаруучулук жөндөмдү калыптандырууга аракеттенет; Башкаруучулук системанын жана анын макро жана микро курчоосундагы комплекстүү стратегиялык жана ыкчам методдорун терең анализдеп пайдалануу менен персоналдын потенциалын жана абалын таанып билет; Менеджменттин инновациялык технологияларын пайдалануу менен башкаруучулук процессти жөнгө салууну үйрөнөт; Башкаруучулук системанын өнүгүүсүндөгү адистештирилген мыйзам ченемди жана жалпы жоопкерчиликти алууну үйрөнөт; Башкаруучулук системанын айланасындагы бар болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен проектирлөө жолун топтоштуруу менен аларды анализдеп жана туруктуу өнүгүү үчүн башкаруу сапатынын жогорулоосун камсыз кылат; ЖОЖдогу, колледждеги, орто окуу жайларындагы, мектептеги башкаруучулук структураныны иш планы менен таанышып, аны ишке ашыруунун жолдорун таанып билет; Башкаруу процессинин системалуу пландаштырууну менен коомдук пайдалуу жана өндүрүштүк эмгекти уюштурууну үйрөнөт; Тартиптүүлүк, өз алдынчалуулук, ишти аткара билүүчүлүк, демилгелүүлүк, активдүүлүк негизгиси кесиптик ишмердүүлүк сапаттарын калыптандырат;
*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2; ЖК-3; ИК-4; ИК-6; СИМК-1; СИМК-3; КК-1;КК-7;КК-16.*
**Талаа практикасы: археологиялык казуулар жана/же этнографиялык изилдөөлөр**
*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2; ЖК-3; ИК-4; ИК-6; СИМК-1; СИМК-3; КК-1;КК-7;КК-16.*

**Илимий-педагогикалык практикасы:** Магистранттарды адистикке даярдоо системасында илимий-педагогикалык практика эң зарыл звено болуп эсептелет. Илимий-педагогикалык дайыма болочоктогу мугалимдердин педагогикалык ык

машыгууларын калыптандыруунун фундаменти болуу менен бирге бир эле мезгилде илимий ишти алдыга жылдырууну максат кылат; «Сабак» - бул мугалимдин жалпы жана педагогикалык маданияттын күзгүсү, анын интелектуалдык маданиятынын өлчөмү анын билим көлөмүнүн, маалыматынын көрсөткүчү - деген сөздөрү ар бир практикант үчүн бузулгус эреже болтуруу менен болочоктогу адистердин өз ишине жөнөкөй мамилеси оң жолго коюу; шаардык жана айылдык мектептердин шартында мугалимдин, класс жетекчинин окутуу-тарбиялоо ишмердүүлүктөрүнүн ык машыгууларына ээ болуу; мектептеги ишмердүүлүктөр, педагогикалык коллектив менен таанышуу; мугалимдин, класс жетекчинин, тарбиячынын, коомдук уюмдардын окутуу тарбиялоо процессии системалуу пландаштыруусун үйрөтүү; окуучуларды психологиялык-педагогикалык жактан үйрөнүү (өздүк делолору, медициналык карталары, класс журналы, күндөлүктөрү ж.б.); педагогикалык кеңшменин, предметтик комиссиянын, класс жетекчилердин башталгыч класстын мугалимдеринин усулдук бирикмелеринин иштери менен таанышуу; Илимий-педагогикалык практикасын өтүү магистрант илимий даражасына ээ болуучу магистранттардын окуу планындагы теориялык дициплиналар сыяктуу эле милдеттүү болуп саналат. Илимий-педагогикалык практиканын негизги максаты алган билимдерди бекемдөө жана практикада пайдалануу менен магистранттардын иштеген мекемеси менен ОшМУнун ортосундагы байланыштуу күчөтүү болуп саналат. Илимий-педагогикалык практикасы жогорку квалификациялуу магистранттарды даярдоо процессинин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет жана магистрант-практиканттарды замандын талабына ылайык жаңыча сабак өтүүгө дилгирленип, биргеликте окуучулар, стеденттер менен жакындан иштөө ыкмаларын үйрөтүүнү максат кылат. Илимий-педагогикалык практикасы магистранттардын магистрдик диссертациясын жазуу менен биргеликте эле өзү иштеп жаткан мекемеде окуу процесси мезгилиндеги алган билимдерин кенен пайдалануу менен тажрыйбасын толтурууда зор мааниге ээ.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-3;ИК-4; МК-5; ИК-6;СИМК-2; СИМК-4; КК-2;КК-3; КК-4; КК-9;КК-10;КК-17.*

**Илимий-изилдөөчүлүк практикасы:** Илимий-изилдөөчүлүк практикасынын максаты: магистранттардын Кыргыз республикасынын улуттук архив фонду, жалпы эле архивдер, архив иши, архивдик документтер, архивдик документтердин катталышы, сакталышы жана алар менен иштөө, архивдик документтерди тарыхый булак катары пайдалануу жөнүндөгү алган теориялык билимдерин практикада (иш жүзүндө) бекемдөө. Китепканаларда өзүнүн илимий темасына байланышкан атайын адабияттарды табуу, аларды илимий талдоого алуу аркылуу илимий ишине пайдалануу, магистрдик диссертациясынын темасына байланышкан китеп фонддорун активдүү, үзгүлтүксүз колдонуу менен диссертациялык ишин алдыга жылдыруу. Талаа материалдарын топтоонун жолдорун тактап, маалымат берүүчү менен баарлашып зарыл маалыматтарды алуу.

Илимий-изилдөөчүлүк практикасынын милдети: магистранттарды архив мекемеси, анын структурасы, иш тартиби жана эрежелери, документтик фонду

менен тааныштыруу, архив документтерин каттоо, сактоо, жок кылуу эрежелери менен тааныштыруу, архив документтерин пайдаланууну, алар менен иштөөнү, документалдык фактыларды интерпретациялоону жана аларды өзүнүн илимий ишинде колдонууну үйрөтүү. Китепканаларда керектүү адабияттар менен иштөөнү жана илимий талдоого алуу менен өзүнүн илимий ишинде колдонууну үйрөтүү. Илимий темасына байланышкан калк арасындагы баалуу маалыматтарды, фактыларды чогултуу менен аны илимий айлампага киргизүү болуп саналат.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1; ЖК-2; ИК-4;СИМК-5;КК-5; КК-6; КК-7; КК-8; КК-11; КК-12; КК-13; КК-14; КК-15*

**Магистрдик диссертациянын аннотациясы.** Магистрдик диссертациялар тарых-юридика институтунда мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын жыйынында корголот. Диссертациялардын темалары, эреже катары, илимий мекемелердин, жогорку окуу жайларынын негизги илимий изилдөө иштеринин багыттары менен байланыштырылышы керек, алардын окумуштуу советтери тарабынан ар бир изденүүчү үчүн жана бир эле убакта илимий жетекчисин дайындоо менен бекитилет.

Магистрдик диссертация киришүү бөлүмүндө изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөөнүн проблемасы, изилдөөнүн максаты, изилдөөнүн милдети, изилдөөнүн мааниси, изилдөөнүн предмети, изилдөөнүн методдору, изилдөөчүнүн жекече салымы, изилдөөдө материалдардын топтолушу тууралуу маалыматтар берилет жана изилдөөгө байланыштуу терминдер аныкталат.

Магистрдик диссертацияда чечилип жаткан көйгөйдүн заманбап абалына баа, теманы иштеп чыгуу үчүн негиз жана баштапкы маалыматтар тандалган тема боюнча изилдөөлөр жүргүзүү.

## 5. НББПын ИШКЕ АШЫРУУНУ ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДОО

ЖКББ НББП бул бөлүгүндө төмөндөгү документтердин жана материалдардын жыйындысы берилген:

- ЖКББ НББП боюнча билим берүү процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы;
- ЖКББ НББП окуу планына кирген бардык окуу курстары, дисциплиналары, практикалары, илимий-изилдөө иштери боюнча магистранттардын ишмердиги үчүн негизги окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор, маалымат ресурстары;
- билим берүү процессин уюштуруу боюнча жана профессордук-окутуучулук курамдын ишмердиги үчүн комплекстүү методикалык сунуштар жана маалымат ресурстары;
- окутуучуларды жана магистранттарды библиотекалык-маалыматтык тейлөөнүн шартына мүнөздөмө.

### 5.1.ЖКББ НББП ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы

Магистрди даярдоо НББП сын ишке ашыруу системдик түрдө илим менен алектенген, илимий-усулдук иш-аракеттенген жана берилген сабактан каптал

бетине ылайык эреже катары базалык билимдүү педагогикалык кадрлар ишке ашыруусу керек.

Кесиптик мерчемдин окутуучулары, эреже катары кандидаттык, докторлук илимий даражадагы жана кесиптик чөйрөдө ылайык иш тажрыйбалуу болуусу зарыл.

Берилген НББП боюнча билим берүү жараянын камсыздаган окутуучулардын жалпы санында илимдин кандидаты же доктору даражасындагы окутуучулардын бөлүгү 80% ды түзөт. 530400 тарых багытында боюнча адистерди даярдоону жогорку квалификацияга ээ профессордук-окутуучулук курамы ишке ашырат, алардын арасынан: 1 илимдин кандидаты, профессор, 16 илимдин кандидаты, доценттер.

| № | ФАА | Кызматы | Илимий даражасы |
|---|---|---|---|
| 1. | Шаанов Т.М. | доцент | т.и.к. |
| 2. | Каратаев О.К. | профессор (ВАК) | т.и.д. |
| 3. | Асанканов А.А. | профессор (ВАК) | т.и.д. |
| 4. | Адилбаев Ж.А. | доцент (ВАК) | т.и.к. |
| 5. | Арстанов С.А. | доцент (ВАК) | т.и.к. |
| 6. | Смадияров С.А. | доцент (ВАК) | т.и.к. |
| 7. | Сатыбалдиева Ч. Т | Доцент (ВАК) | т.и.д. |
| 8. | Жаркынбаев Т.Ж. | доцент | т.и.к. |
| 9. | Алишер кызы С. | доцент | т.и.к. |
| 10. | Чыныкеева Г.Э. | доцент | т.и.к. |
| 11. | Апышова А.К. | доцент | т.и.к. |
| 12. | Осмонова С.К. | Доцент (ВАК) | т.и.к. |
| 13. | Атаканова Г.А. | окутуучу | т.и.к. |
| 14. | Ибайдуллаев Х.У. | окутуучу | соц.и.к. |
| 15. | Кубанычбек у. Н. | окутуучу | т.и.к. |

**5.2.Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы**

Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы үчүн факультетте 34 орундуу окуу залы жана абоненттик бөлүмү бар китепкана иш алып барат. Факультеттин китепканасынын фонду – 32027 даананы түзөт. Китеп менен камсыздоо коэфиценти орточо эсеп менен 1,08 түзөт. Бул көрсөткүч нормадан жогору болуп эсептелет (норма боюнча – 0,5).

**5.3.Окуу-процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы**

НББП ишке ашырууда окуу процессинин бардык формаларын уюштуруу үчүн материалдык-техникалык базага ээ, ошондой эле санитардык жана өрт коопсуздугун эске алган шарттары бар. Магистр программасын ишке ашырууда минималдуу зарыл болгон материалдык-техникалык базага төмөнкүлөр кирет:

- окуу корпусу Ош шаарынын Раззаков көчөсү -21 жайгашкан 4 кабаттуу имарат (жалпы аянты – 2562,07 кв.м. ар бир студентке 7,3 м.кв. туура келет)
- 3 лекциялык зал, 6 аудитория, 1 окуу залы, китепкана

- интернет тармагына туташтырылган заманбап компьютерлер менен жабдылган 2 кабинет
- 2 музей (лаборатория)
- 1 чоң актылык зал
- 2даана интерактивдүү доска
- 2даана видеопроектор
- 5 даана ксерокөчүрмө-сканер-принтер аппараттары
- 4 даана принтер
- компьютерлер (деканат жана кафедраларда -10 даана, компьютердик класста – 24 даана).

Магистранттар Интернет тармагына кенен туташуу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана өз алдынча иштерди аткарууда, сабактарга даярданууда пайдаланышат.

## 6. ЖКББ НББПын ӨЗДӨШТҮРҮҮ САПАТЫН БААЛОО СИСТЕМАСЫНЫН НОРМАТИВДИК-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ

ЖКББ мамлекеттик стандартына жана жогорку окуу жайы жөнүндөгү жобого ылайык билимди өздөштүрүүнү текшерүү учурдагы, аралык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациялоону өз ичине камтыйт. ЖКББ НББП боюнча билим алып жаткандарды учурдагы, аралык текшерүүнүн аттестациялоонун нормативдик-методикалык камсыздалышы ЖОЖ жөнүндөгү жобого ылайык жүргүзүлөт.

### 6.1.Жетишүүнүн учурдагы текшерүү жана аралык аттестация

ЖКББ МББСнын талабына ылайык НББП этап-этабы менен өздөштүрүүсүн аттестациялоо үчүн жогорку окуу жайы баалоо каражаттарынын фондун түзөт. Алар билимди өздөштүрүүнү учурдагы текшерүү жана аралык аттестациялоо болуп саналат. Баалоо каражаттарынын фонду өз ичине буларды камтыйт: практикалык сабактарда, зачет, экзамендерде билимди текшерүүнүн контролдук суроолору, типтүү тапшырмалар, бланкалык тесттер жана компьютердеги тестирлөө программалары, курстук иштердин тематикалары (долбоор, реферат, доклад, илимий макала ж.б.).

### 6.2.НББПын магистр баскычында бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик аттестациялоо

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын тандалган максаты болуп бүтүрүүчүнүн ЖКББнын НББПын ийгиликтүү өздөштүрүүсүн аныктоо болуп саналат. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга академиялык карызы жок жана ЖКББнын НББПнын окуу планын толук өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр киргизилет.

**ЖКББнын НББПнын мамлекеттик аттестациялык сыноолоруна төмөнкүлөр кирет:**

- мамлекеттик экзамен;
- магистрдик диссертациясын коргоо.

**Жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамен боюнча НББПдагы жоболор**

Мамлекеттик экзамен бул магистратуранын ЖКББнын НББПда көрсөтүлгөн компетенцияларга ээ болгондугун аныктоочу системалуу, дисциплиналар аралык комплекстүү экзамен болуп саналат. Ошондой эле комплекстик экзамен кесиптик окуу программасын өздөштүрүү кезинде алган теориялык жана практикалык билимдердин деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет. Комплекстик экзаменде алган бааны жогорулатуу максатында экзаменди кайра тапшырууга уруксат берилбейт.

Магистрдик диссертациясынын тематикасы илимий-изилдөөчүлүк ишмердикти ичине камтып, төмөнкү кесиптик милдеттерди чечүүгө багытталат:

- теориялык жана практикалык билимдерди кайталоо, бышыктоо жана өнүктүрүү;
- кесиптик ишмердиктин көндүмдөрүн өз алдынча өнүктүрүү.

Магистрдик диссертациясынын аткарууда магистрант төмөнкүлөрдү (демонстрациялоого) көрсөтүүгө тийиш:

- долбоордун логикалык структурасын түзүүнү;
- изилденип жаткан теманын актуалдуулугун ачып көрсөтүүнү;
- темадагы негизги маселени аныктап, анын конкреттүү аспектилерин, чечилүүчү маселелерин талдоону.

Магистрдик диссертациясынын тематикасы учурдагы актуалдуу маселелерди изилдөөгө, тарых илиминин, коомдун өнүгүшүнө салым кошууга багытталган болушу керек. Ишти аткарууда заманбап маалымат технологияларынын жетишкендиктерин жана учурдагы методикалык жаңылыктарды колдонууга көңүл буруу зарыл.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык комиссия каралып жаткан программага тиешелүү илимий даражасы бар беш кишиден кем эмес курамда түзүлөт.

МАКтын төрагасы ОшМУнун кызматкери болбогон каралып жаткан программанын багытындагы илимдин доктору дайындалат.

**НББПны иштеп чыккандар, эксперттер**

| | Аты-жөнү | и.н., кызматы | кызмат орду |
|---|---|---|---|
| 1. | Арстанов С.А. | т.и.к., доцент | ТЮИнин директордун орун басары |
| 2. | Шаанов Т.М. | т.и.к., доцент | Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын башчысы |
| 3. | Жумашова Г.С. | т.и.к., доцент | Жалпы тарых жана ТОУ кафедрасынын башчысы |
| 4. | Тагаев Б.А. | т.и.к., доцент | ОшТУнун доценти |
| 5 | Бабаназар у Исабек | магистр | Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы гимназия-лицейинин тарых мугалими |